**РАЗДЕЛ: МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ**

**УДК 58.3:66.069**

***Бакирова Хилолахон Шавкатжоновна***

# ДАРЫ ӨСҮМДҮКТӨР ЖАНА АЛАРДЫ ЖЫЙНОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

***Бакирова Хилолахон Шавкатжоновна***

# ЛЕКАРСТВЕННЫЕ РАСТЕНИЯ И ПРАВИЛЫ ИХ СБОРА

***Bakirova Khilolahon Shavkatzhonovna***

# MEDICINAL PLANTS AND RULES FOR THEIR COLLECTION

***Аннотация***. *Бул макалада байыркы доорлордон бери адамзаттын ооруларды дарылоодо дары өсүмдүктөрдү колдонуу тарыхын баяндайт. Дары чөптөр жөнүндө Гиппократтын, Диоскориддин жана XI кылымдагы Авиценнанын эмгектери мисал келтирилет. Кыргызстанда 4000ге жакын өсүмдүктүн ичинен 200 гө жакыны дарылык касиетке ээ экени, алардын 450 түрү тоют, 300у бал берүүчү, 1000ден ашыгы эфир майлуу экени белгиленет. Өсүмдүктөрдүн органдарынын (тамыр, жалбырак, гүл, мөмө) элдик медицинадагы колдонулушу жөнүндө маалыматтар берилген. Жыйноо эрежелери, КРнын мыйзамдары (2001-ж. №53, 2011-ж. №288, 2015-ж. №715), корголуучу аймактардагы тыюулар салуулар, дары өсүмдүктөрдү калыбына келтирүү принциптери  жана кургатуу ыкмалары (табигый жана атайын камераларда) жөнүндө маалыматтар келтирилген. Ашыкча жыйноонун коркунучу эскертелип, туура даярдоонун экологиялык жана дарылык мааниси баса белгиленет.*

***Ачкыч сөздөр***: *дары өсүмдүктөр, түрлөр, өсүмдүк органдары, мыйзамдар, калыбына келтирүү, эрежелер, ыкмалар, жыйноо, кургатуу.*

***Аннотация***.*Эта статья описывает историю использования человеком лекарственных растений для лечения болезней с древних времён. Приводятся примеры трудов Гиппократа, Диоскорида и трудов Авиценны XI века о лекарственных травах. В Кыргызстане из около 4000 видов растений примерно 200 обладают лекарственными свойствами; среди них 450 видов — кормовые, 300 — медоносные, более 1000 — эфиромасличные. Приведена информация о применении органов растений (корни, листья, цветы, плоды) в народной медицине. Описаны правила сбора, законы КР (2001 г. №53, 2011 г. №288, 2015 г. №715), запреты в охраняемых зонах, принципы восстановления лекарственных растений и методы сушки (натуральные и в специальных камерах). Предупреждается об опасности чрезмерного сбора, подчёркивается экологическое и лечебное значение правильной заготовки.*

***Ключевые слова:*** *лекарственные растения, виды, органы растений, законы, восстановление, правила, методы, сбор, сушка*

***Abstract.****This article narrates the history of humanity's use of medicinal plants for treating diseases since ancient times. Examples from the works of Hippocrates, Dioscorides, and Avicenna's XI-century treatises on medicinal herbs are cited. In Kyrgyzstan, out of about 4000 plant species, around 200 have medicinal properties; among them, 450 are fodder plants, 300 are honey-bearing, and over 1000 are essential oil plants. Information is provided on the use of plant organs (roots, leaves, flowers, fruits) in folk medicine. Rules for collection, KR laws (2001 No.53, 2011 No.288, 2015 No.715), bans in protected areas, principles of medicinal plant restoration, and drying methods (natural and in special chambers) are presented. The risks of overcollection are warned about, emphasizing the ecological and therapeutic importance of proper harvesting.*

***Key words.*** *medicinal plants, species, plant organs, laws, restoration, rules, methods, collection, drying*

Байыркы замандардан эле адамдар айлана-чөйрөсүнөн табылган жаратылыштан алынган каражаттарды (дары өсүмдүктөрдү) ооруларды айыктыруу үчүн колдонуп келишкен. Адамзаттын жашоосунда дары чөптөр өзгөчө мааниге ээ болуп, алардын элдик медицинада дары катары колдонулушу абдан узак тарыхка ээ.

Б.з.ч. 3000-жылдарда эле апийим, женьшень сыяктуу дары чөптөр белгилүү болгон. Гиппократ 200дөй, биринчи кылымда Диоскорид 400гө жакын дары өсүмдүктөрдү белгилеген жана ыйык китеп «Авестада» миңге жакын өсүмдүктөрдүн аты көрсөтүлүп, алардын дарылык касиеттери жөнүндө маалыматтар берилген [12].

XI кылымда Борбордук Азиянын улуу окумуштуулары — Ал-Беруни жана Ибн Сина (Авиценна) — дары чөптөрдү изилдөө илимине чоң салым кошушкан [13,14].

1025-жылы Авиценна дүйнөгө *«Дары илиминин канону»* аттуу эмгегин жаратып, ошол убактагы эң кеңири изилденген жана колдонулган дары чөптөрдүн дарылык касиеттерин баяндаган.

Кыргыз Республикасынын аймагында өсүмдүктөрдүн 4000 жакын түрү кездешет [4]. Бул 4000 жакын түрдүн ичинен 1600 түрү баалуу өсүмдүктөрдүн катарына кирип, алардын 450 түрү тоют өсүмдүктөрү, 300 түрү бал берүүчү (ширелүү), 1000 ашууну эфир майларын алып жүрүүчү өсүмдүктөрдүн катарына кирсе, 50 түр тамак-ашта колдонулуп, 200 ашуун түр дарылык касиети бар дары өсүмдүктөрдүн катарына кирет.

Акыркы жылдары өлкөбүздүн аймагында дары өсүмдүктөрдү жыйноого, аларды кайра иштетүүгө жергиликтүү фармацевтер жана башка чет өлкөлүк фирмалар тарабынан кызуугуу жаралып, дары өсүмдүктөрдү чогултууга болгон суроо талаптар жогорулоодо.

Дары өсүмдүктөрдү (жалбырактарын, сабагын, гүлдөрүн, тамырын, мөмөсүн) туура кургатуу, өз убагында туура жыйноо, алардын дарылык касиеттеринин сакталышына жана ал өсүмдүктөрдүн табигый чөйрөдө өз алдынча калыбына келүүсүнө өбөлгө түзөт.


Өсүмдүктөрдү жыйноодо, алардын органдарынын (жалбырактарынын, сабагынын, гүлдөрүнүн, тамырынын, мөмөсүнүн) дарылык касиеттеринен тышкары, алардын биологиялык өзгөчөлүктөрүн жана аларды жыйноону жана аларды жыйноого уруксат берүүчү укуктук актыларды (мыйзамдарды, токтомдорду) билүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын аймагында өсүмдүктөрдү коргоо жана аларды сарамжалдуу пайдалануу 2001-жылдын 20-июнунда кабыл алынган № 53 “Өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу” мыйзамынын [5], Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 6-июнундагы №288 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында дары чөптөрдү, тамак ашка колдонулуучу өсүмдүктөрдү жана козу карындарды жыйноо (даярдоо) эрежелери” [6] жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-октябрындагы “Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн ставкаларын жана аларды алуу жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө” №715 токтомунун [7] негизинде жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 3-майындагы «Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндөгү» мыйзамынын [8] негизинде өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында, анын ичинде Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунда дары өсүмдүктөрдү жыйноого тыюу салынган.

Өсүмдүктөр жана алардын ичинде дары өсүмдүктөр калыбына келүүчү табигый жаратылыш ресурстары болуп саналат. Ошондуктан аларды туура даярдоо алардын санына, популяциясына терс таасирин тийгизбейт.

Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунун жана ага жакын жайгашкан Аркыт токой чарбасынын  аймактарында өскөн дарылык касиеттери бар өсүмдүктөрдүн органдарынын колдонулушуна карата төмөндөгүдөй топторго бөлүүгө болот (сүр.1).




***Сүрөт 1. Сары-Челек малекеттик биосфералык коругундагы дары өсүмдүктөрдүн дарылык катары пайдалануучу органдары боюнча бөлүнүшү.***

Сүрөттө көрүнүп тургандай бардык органдары толугу менен дары катары колдонулган өсүмдүктөр коруктун аймагында басымдуулук кылат. Алардын кеңири таралган өкүлдөрү: төшөлгөн кымыздык- *Polygoni avicularis*, койчу баштык- *Bursae pastoris herba*, дары гүлкайыр- *Althaéa officinális*, чай чөп- *Hypéricum perforátum*, ачуу эрмен-*Artemisia absinthium* L. жана башка, ал эми

мөмөлөрү дарылыкка колдонулган өсүмдүккө: чычырканак- *Hippóphaë rhamnóides* сыктуу өсүмдүктөрдү кошууга болот.

*Жогоруда белгиленгендей өсүмдүктөрдү табигый дары катары колдонууда, ал өсүмдүктөрдүн белгилүү органдары гана колдонулат. Төмөнкү таблицада коруктун аймагында кездешкен кээ бир дары өсүмдүктөрдүн ооруларды айыктырууда жана алардын алдын алууда колдонулуучу органдары боюнча кыскача маалымат берилет.*

Дары өсүмдүктөрдү ашыкча жана туура эмес чогултуу алардын калыбына келүүсүнө терс таасирин тийгизип, санынын кыскарышына алып келет.

Мына ошондуктан аларды жыйноодо дары өсүмдүктөрүнүн биоэкологиясын, мезгилин эске алуу менен жүргүзүү зарыл.

Мөмөнү, гүлдү, жалбыракты, бүчүрлөрдү, өсүмдүктүн жана башка органдарын даярдоодо, аны болжолдуу түрдө 3 бөлүккө бөлүп, эки бөлүгүн жыйноо, өсүмдүктүн калыбына келүүсүнө толук шарт түзөт.

Дары өсүмдүктөрдү бир эле участкадан жылына чогултуу алардын санынын чектелишине алып келет. Ошондуктан бир участкадан 1-2 жыл катары менен жыйнагандан кийин ал жерди 2-3-жыл эс алдыруу зарыл. Анткени бул аралыкта өсүмдүк толук калыбына келип үлгүрөт.

Эгерде даярдалуучу өсүмдүктөр тамыры менен кошо даярдала турган болсо, анда калтырыла турган өсүмдүктөрдүн саны 10% кем болбоосу зарыл.

Дары өсүмдүктөрдү жыйноодо төмөнкүлөргө көнүл буруу керек:

- чогултулуучу өсүмдүк же анын органдары (жалбырак, сабак, гүл, мөмө, урук, тамыр) мыкты сапаттагы, таза, ооруунун белгилери жок болуусу зарыл;

Таблица

***Коруктун аймагында өскөн дары өсүмдүктөрдүн органдарынын элдик медицанада колдонулушу.***

| **К №** | **Өсүмдүктөдүн аталышы** | **органдары** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Кадимки жалбыз- *Méntha arvénsis* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 2 | Дарылык мелисса- *Melissa officinalis* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 3 | Чай чөп- *Hypéricum perforátum* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 4 | Ккойчу баштык- *Bursae pastoris herba* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 5 | Төшөлгөн кымыздык- *Polygoni avicularis* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 6 | Ачуу эрмен-*Artemisia absinthium L* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 7 | Чон бака жалбырак- *Plantágo május* | жалбырактары |
| 8 | Чычырканак- *Hippóphaë rhamnóides* | мөмөсү |
| 9 | Эки үйлүү чалкан-*Urtica dioica L.* | жалбырактары |
| 10 | Өгөй эне- Tussilágo fárfara L | Гүлдөрү, жалбырактары |
| 11 | Орточо патриния- *Patrinia monandra* | тамыры |
| 12 | Ууу-коргошун-*Aconítum rotundifólium* | Тамыры, өзөгү, жалбырагы |
| 13 | Эмениум күчаласы- *Regel's Eminium* | тамыры |
| 14 | Бийик карандыз-*Ínula helénium* | тамыры |
| 15 | Дарылык гүлкайыр- Althaéa officinális | тамыры |
| 16 | Каакым-*Taráxacum officinále* | Жер үстүндөгү бөлүгү |
| 17 | Кадимки пижма- *Tanacétum vulgáre* | гүлдөрү |

- чогултуу жумуштары күн ачык мезгилде, эртең мененки шүүдүрүм кеткен мезгилде жүргүзүлүүгө тийиш;

- ширелүү мөмөлөр жана жерге түшкөн мөмөлөрдү эртең менен чогултуу сунушталат;

- дүүлүктүрүүчү (аллергендер) жана уулуу өсүмдүктөрдү атайын кийимдердин жана кол каптын жардамы менен чогултуу зарыл;

- Жыйноо мезгилинде сактоо үчүн аба өткөрүүчү идиштерди же себеттерди колдонуу зарыл. Өсүмдүктөрдү чогулткандан кийин кургатууга чейинки убакыт эки сааттан ашпашы керек.

Жыйналып алынган дары өсүмдүктөрдү кургатуу жана аларды сактоо анын сапатына өз таасирин тийгизет. Ошондуктан кургатуу дары чөптөрдү даярдоонун негизги жана жооптуу этаптарынын бири болуп эсептелет. Кургатуу эки ыкма менен жүрөт: табигый шарттарда жана атайын кургатуучу камераларда.

Чогултулган мөмөлөрдү жана тамырларды ачык абада, ал эми башка органдарын: жалбырак, гүлү, сабагы күн тийбеген көлөкө жерде кургатуу сунушталат.

**Колдонулган адабияттар**

1. *Hefferon, Kathleen.* Let Thy Food Be Thy Medicine. — Oxford University Press, 2012. — P. 46. — ISBN 9780199873982. Архивная копия от 7 августа 2023 на Wayback Machine

2. Авиценна. Канон врачебной науки : в 5 т. / пер. с араб. под ред. Ю. Х. Завадила ; вступ. ст. Г. И. Кабаргина. – Ташкент : Фан, 1981. – 3200 с.

3. Ибн Сина [Авиценна]. Избранные философские произведения : Жизнеописание. Книга знания. Указания и наставления. Книга о душе / пер. с араб. ; вступ. ст. и коммент. А. А. Филюзова. – Москва : Наука, 1989. – 672 с.

4. Улеман К., Рогова Н. Кыргызстандын дары өсүмдүктөрү. Топтоо эрежелери. Бишкек. 2015. -92б

5. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу жөнүндө» [Электрондук ресурс]. — Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/435/edition/1003991/kg (кайрылуу күнү: ..2025).

*6.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому «Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин (анын ичинде илимий максаттарда) алып коюуга атайын уруксат берүү тартиби жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасында дары-дармек, тамак-аш өсүмдүктөрүн жана козу карындарды даярдоо жана жыйноо эрежелери жөнүндө жобону бекитүү тууралу» [Электрондук ресурс]. — Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/7-14753/edition/843835/kg (кайрылуу күнү: 17.10.2025).*

*7 Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн ставкаларын жана аларды алуу жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө [Электрондук ресурс]. — Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/7-18489/edition/686424/kg (кайрылуу күнү: 17.10.2025).*

*8.Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2011-жылдын 3-майы № 18 “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө” // КР Юстиция министрлигинин Улуттук укуктук маалымат борбору. URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-ky/203262?cl=ky-ky (каралуу датасы: 15.10.2025).*

***Автор жөнүндө маалымат:***

***Бакирова Хилолахон Шавкатжоновна***- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекетик университети, магистрант. Манас шаары. 0554 033 002. E-mail: fodmusta@gmail.com

***Информация об автора:***

***Бакирова Хилолахон Шавкатжоновна,*** Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, магистрант. г. Манас 0554 033 002. E-mail: fodmusta@gmail.com

***Information about the authors:***

***Bakirova Khilolahon Shavkatzhonovna***, Jalal-Abad State University after B. Osmonov, master's student. Manas 0554 033 002. E-mail: fodmusta@gmail.com